**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ Р-54 «13» 12 20 2023

Сизд.чыг. (На) №______ «___» ______20__

**Ош облусунун Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл аймагынын тургуну Д. Рахмановго**
*Дареги: Ош облусу, Кара-Суу району, Кызыл-Кыштак айыл аймагы, Хошимов көч., `, тел..*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин арызыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 107-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, *Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.*

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесине ылайык, *Мамлекеттик органдар мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз.*

Борбордук шайлоо комиссиясы өз ыйгарым укуктарынын чегинде жергиликтүү кеңештин ишине кийлигише албагандыгын билдиребиз.

2. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык:

*«Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп саналат:*

*1) анын депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу же фракциядан чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берүүсү;*

*2) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгышы, жарандыгын жоготуусу, башка жарандыгынын бар экендиги тууралуу фактынын айкындалышы, же болбосо башка жарандыкты кабыл алышы;*

*3) депутаттык ыйгарым укуктарын аткаруусуна сыйышпаган башка ишке өтүшү же мындай иштен кетпеши;*

*4) башка кеңештин депутаты болуп шайланышы;*

*5) тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү коомдоштугунда депутаттын мүчөлүгүнүн токтотулушу;*

*6) шайлоонун жараксыз деп таанылышы;*

*7) туруктуу жашоо үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары чыгып кетиши;*

*8) сот тарабынан депутаттын аракетке жөндөмсүз же дайынсыз жоголду деп таанылышы, ошондой эле өлдү деп жарыяланышы;*

*9) ага карата соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө кириши;*

*10) жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу;*

*11) депутаттын өлүмү.».*

Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселени тиешелүү арыздын же сунуштаманын негизинде карайт.

Ушуга байланыштуу, Сиздин арызыңызда көрсөтүлгөн жагдайлар Ош облусунун Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаты Орозкан Дубанаевна Токторалиеванын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууга аталган мыйзамда каралган негиздер жок экенин маалымдайбыз.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Сиздин арызыңызда көрсөтүлгөн башка жагдайлар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрылууну сунуштайбыз.

**Төраганын орун басары** **Т. Шайназаров**

Атк.: Берикбаева К. 660118